DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

## *САЯСИЙ ИЛИМДЕРИ*
## *ПОЛИТИЧЕСКИЕ НАУКИ*
## *POLITICAL SCIENCES*

***Мунарбек уулу Ж.***

# ДҮЙНӨДӨГҮ МИГРАЦИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕР МЕЗГИЛДИН ЧАКЫРЫГЫ

***Мунарбек уулу Ж.***

# МИГРАЦИОННЫЕ ПРОЦЕССЫ КАК ВЫЗОВ СОВРЕМЕННОСТИ

***Munarbek uulu Zh.***

# MIGRATION PROCESSES AS A CHALLENGE OF MODERNITY

*УДК: 314:316.4*

*Макалада акыркы мезгилдеги миграциялык көйгөй маселеси козголбогон өлкөнү атоо абдан татаал жана жок. Анткени мигранттардын донор мамлекеттери жана мигранттарды кабыл алган (реципиент) мамлекеттер бир эле мезгилде миграциялык процесстердин алкагында бул агымдын курмандыктары да ийгилигине да ээ болгондор болуп жатышат. Анткени эл аралык миграциялык процесс айрыкча жаңы толкундоолор менен коштолуп бүтүндөй Европалык Бирикме мамлекеттеринин жетекчилерин эң түйшүккө салаган көйгөйлөрдү жаратуу менен алардын арасында ар кандай карама каршы идеялардын жаралышына алып келүүдө. Миграциялык процесстерди жөнгө салуу темасы азыркы мезгилге ушунчалык өзүнө тартакан инвестициялык долбоорго айландыгы талашсыз. Ал мезгилдин чакырыгы болгон ааламдашуу процессинде, бир эле убакта колдоочуларды да бул процесске каршы пикир жараткандарды да пайда кылууда.*

***Негизги сөздөр:*** *миграция, мыйзам, саясат, процесс, мамлекет, өлкө, жарандар.*

*Статья содержит содержание в котором сложно называть страну, который бы коснулись проблемы миграции, так и доноров, как и страны реципиенты, вовлеченны в кругооброт вихря современных миграционных процессов. Международная миграция не предстает накрывать новыми волнами Европейского Союза, лидеры которых, в свою очередь, неустанно генерирует новые крайне противоречивые идеи. Некоторые рассуждают и мультикультурном обществе, толерантности возможной ассимиляции мигрантов, другие настроены совершенно негативно и всячески критикуют политику, лояльную к прибывающим иностранцам. Эти полярные мнения не решают, а лишь обнаженной проблемы и трудности связанные с новыми членами обществе, и застроят внимание общественности на сложностях, которые неизбежно возникают в связи с трудностями ассимиляции иностранцев в новом обществе.*

***Ключевые слова:*** *миграция, закон, политика, процесс, государство, страна, граждане.*

*The article contains content in which it is difficult name the country that would be affected by the migration problem, and donors, as well as recipient countries, are involved in vortex circulation of modern migration processes. International migration does not appear to cover new waves of the European Union, whose leaders, in turn, tirelessly generates new highly controversial ideas. Some argue about a multicultural society, tolerance of the possible assimilation of migrants, others are completely negative and in every possible way criticize the policy loyal to the arriving foreigners. These polar opinions do not resolve, but only nude problems and difficulties associated with new members of society, and build up public attention on the difficulties that inevitably arise in connection with difficulties of assimilation of foreigners in the new society.*

***Key words:*** *migration, law, politics, state, country, citizens.*

Азыркы мезгилдеги дүйнөдөгү эң орчундуу деп эсептелген маселелеринин бири болуп – бул миграция көйгөйү болуп эсептелинет. Элдердин массалык миграциясы адамзат цивилизациясынын тарыхында, бир каныа жолу бүтүндөй чөлкөмдөрдөгү мамлекеттердин калкынын түзүлүшүн өзгөртүп жана жаңы цивилизациялардын пайда болушуна алып келген фактылар бар. Анткени азыркы мезгилдеги кээ бир мамлекеттер өзүнүн пайда болушуна ушул миграция процессине көз каранды. Айрыкча Түндүк Америкалык коом бүтүндөй жакшы жашоону эңсеп келген келгин мигранттардын эсебинен АКШ жана Канада мамлекеттери түзүлгөн.

Жалпы кабыл алынган Бүткүл дүйнөлүк адам укугу декларациясынын 13-беренесинин 2-бөлүгүндө, ар бир адам, өзү жашаган мамлекетти таштап, каалаган мамлекетти тандап жашоого укугу бар деп белгилеген. Ушул жагдайдан караганда, азыркы мезгилдеги миграция процесси мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп эсептелинет. Бирок бул укуктук ченемдик акт, элдердин массалык түрдөгү миграциялык процессин

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



эске албагандай. Ошондуктан, миграция процессин кадимки эле элдердин массалык түрдө көчүп жүрүүсү катары кабыл алуу керек.

Акыркы убакта миграциялык көйгөй маселеси козголбогон өлкөнү атоо абдан татаал жана жок. Анткени мигранттардын донор мамлекеттери жана мигранттарды кабыл алган (реципиент) мамлекеттер бир эле мезгилде мигарциялык процесстердин алкагында бул агымдын курмандыктары да ийгилигине да ээ болгондор болуп жатышат. Анткени эл аралык миграциялык процесс айрыкча жаңы толкундоолор менен коштолуп бүтүндөй Европалык Бирикме мамлекеттеринин жетекчилерин эң түйшүккө салган көйгөйлөрдү жаратуу менен алардын арасында ар кандай карама каршы идеялардын жаралышына алып келүүдө.

Евробирикменин кээ бир жетекчилери (лидерлери) миграциялык процесске толеранттулукту, мультимаданий биригүүнү (маданий иерархия) мүмкүндүгү менен мигранттардын ассимиляциялык процесстердин жүрүшүн коштосо, экинчи тарап, миграциялык процесске терс көз караш менен кайдыгер мамиле жасаган жетекчилерге сын айтуу, келип жаткан чет өлкөлүктөргө каршы терс пикирлерин билдиришүүдө. Жогорудагы көп кырдуу ой пикирлер миграция маселесиндеги көйгөйдү чечпестен аны андан ары чечилишин татаалдантууда. Анткени мигранттардын жаңы коомдогу интерация маселелерине байланышкан көп кырдуу татаал көйгөйлөрү, түптөлүп калган коомдогу калктын негативдүү пикирлерди жаратууну коштоодо.

Миграциялык процесстерди жөнгө салуу темасы азыркы мезгилге ушунчалык өзүнө тарткан инвестициялык долбоорго айландыгы талашсыз. Ал мезгилдин чакырыгы болгон ааламдашуу процессинде, бир эле убакта колдоочуларды да бул процесске каршы пикир жаратты кандарды да пайда кылууда. Акыркы көрүнүш, миграция процессин жөнгө салуу маселесиндеги келишүүчүлүк консенсус жолун жокко чыгарып тараптардын пикир келишпестиктеринин улам кээде коомдук жайларда жаңжал чыгарганга чейин алып келүүдө.

Жөнөкөй эмес түзүлүп жаткан кырдаалдан чыгуу максатында кээ бир Европалык мамлекеттер, миграциялык маселени чечүүдө, өз атуулдарынын эркин пикирин билүү максатында референдумдарды өткөрүүдө. Ушундай көрүнүштүн жаркын мисалы болуп, 2016-жылдын 23-июндагы Улуу британиядагы “Брексит” жалпы өткөрүлгөн референдумун айтууга болот. Бул саясий акция бир эле мезгилде Англиянын Евробиримдигинен гана чыгуу эмес, Евробиримдиктеги жаралып калган миграция процессинен да арылуу максатында өткөрүлгөн.

Учурдун көрүнүктүү экономисти Пол Коллиер өзүнүн “Биздин дүйнөнү миграция кантип өзгөртүп жатат, анын жыйынтыгы” деген илимий эмгегинде, “миграция маселеси мигранттарга карата моралдык көз караштардын курамында каралгандыгы менен бир эле мезгилде кедейчилик, жаңы коомдо улутчулдукту жана рассалык бөлүнүүчүлүктү пайда кылууда” [1] деп белгилеген. Миграция маселеси коомдогу эки карама каршы топтун жаралышына алып келди. Ошону менен катар, миграция азыркы мезгилдеги коомдогу саясий процесстердин бүтүндөй бир бөлүгү катары каралуу менен кеңири талкууну жараткан саясий программалардын, экономикалык пландардын өзөгүн түзүү менен азыркы мамлекеттердин негизги маанилүү деп аталган өнүгүүнүн башка тармактарын өзүнө камтыган талкууну жаратууда.

Анткени миграция процессин жөнгө салуу маселеси, мамлекеттик жогорку кызмат ордуна шайлоо жолу менен баруучу талапкерлердин да көңүлүнүн чордонунда болуу менен, бул көйгөйдү чечүүнүн жолу катары элдик референдумдарды өткөрүү жолдору, ММКлардагы көздүн кычуусун алып өзүнө чакырган ар кандай аталыштардагы саясий жана аналитикалык газеталар менен журналдарда макалалар байма бай жарыяланып, учурдун актуалдуу темасына айланды.

Дүйнөдөгү элдердин миграция маселеси менин пикиримде дагы бир топ жыл азыркы коомдогу эң көп талкууну жараткан тема болуп калат. Себеби бул көйгөйдү чечүүдө анын кайдан келип чыгышын, эмне себептерден келип чыгууда жана канткенде бул процессти токтотпосок да анын деңгээлин басаңдатууга болот деген суроолорго жооп издөө керек. Анткени акыркы мезгилдеги массалык түрдө миграция процесси камтыган Жакынкы Чыгыш мамлекеттериндеги өз ара ички локалдык согуштар, айрыкча “Африка жазы” деген атка конгон ушул континентеги мамлекеттердеги ар кандай түстөгү революциялар, ушул көрүнүштөрдүн пайда болушун шарттоодо. Маселени ушул жагдайда карганда, демек элдердин миграция процесси мыйзам ченемдүү көрүнүш болгону менен, бул маселедеги айласыздан миграцияга барып жаткан калктардын көйгөйлөрүн чечүүнү биринчи орунга жылдыруу керек.

Дүйнөлүк ааламдашуу алкагындагы миграция процесси, чындыгында өзүнө азыркы мезгилдин өтө опурталдуу деген маселелерин өзүнө камтууда (эл аралык терроризм, диний радикализм ж.б.у.с.). Бул процесстин экономиканы өнүктүрүүдө оң таасир берип жаткандыгын же ички рыноктун өсүшүнө терс таасир берип жаткандыгы жөнүндөгү координаттары

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жөнүндө маалыматтар ар түрдүү ой пикирлерди берүүдө. Бирок да жогорудагы кайчылаш пикирлердин кимиси реалдуу экендигине баа берүү мүмкүнчүлүгү академиялык чөйрөдө бир топ талаш тартыштарды жаратууда. Анткени миграция процессинин таасир берүүчү алкагы күндөн күнгө кеңейип, ал бир гана мамлекеттик территориялык рамкага батпастан ал рамкадан чыгуу менен өзүнө жаңы парадигмаларды (жаңы орууларды, көйгөлөрдү) камтыган азыркы мезгилдин саясий реалдуулугуна айланып кетүүдө.

Ошондуктан азыркы мезгилдеги дүйнөдөгү миграция процессинин тематикасы бир эле мезгилде улутчулдуктун, жумушсуздуктун, качкындардын, эл аралык укутун ченемдерин, эл аралык террирнзмдин булактарына, диний радикалдуу топтордун пайда болушуна, саясий маданияттын талкаланышына жана башка ушул сыяктуу маселелердин өзүнө камтыган жаңы суроолорго жооп издөөнү талап кылууда.

Миграция багытындагы Россиялык илимий изилдөөчү Л.Л. Рыбаковский өзүнүн илимий эмгегинде, миграция түшүнүгү – бул элдердин территориялык жылышуусу, ал ар кандай себептерден улам, экономикалык, социалдык, диний, экологиялык, саясий факторлордун негизинде келип чыгып жаткандыгын белгилөө керек дейт [2]. Демек элдердин миграциялык территориялык жылышуу маселеси ар түрдүү кырдаалдардын жаралышынан улам пайда болот деген жыйынтык чыгаруу керек жана бул көйгөй көп кырдуу маселерди өзүнө камтыган процесс экендигин таанышыбыз керек.

Бизге белгилүү болгондой миграция маселесинде, мыйзамдуу жана мыйзамсыз мигранттар түшүнүгү бар. Мыйзамсыз келген мигранттар акыркы мезгилде прогрессивдүү түрдө өсүп, натыйжада кылмыштуу тармактардын жаралышына алып келүүдө. Кылмыштуулук бир эле келгиндердин ичинде эмес, келген мамлекеттердин кылмыштуу чөйрөсүнө да өз таасирин берип, натыйжада келгиндерге карата коомдук терс пикирлердин жаралышына алып келүүдө. Ушул көрүнүштү изилдеп келген окмуштуу И.Н. Куклина, “мигранттардын келип чыгуу себептери, ар түрдүү өзгөчөлүктөрү менен айырмаланышкандыктан (ар кандай себептерден улам мигрантка айлангандар) кабыл алуучу мамлекеттерге ошол себетерди чечүү менен кабыл алган стратегиялык узак мөөнөттүү эффективдүү натыйжа бере турган миграциялык пландарды иштеп чыгуусун талап кылат” [3], деп белгилейт. Чындыгында миграция маселесин чечүүдө, чет өлкөлүктөрдү кабыл алган мамлекеттер принипиалдуу түрдө, узак мөөнөттүү, миграция процессин жөнгө салуучу стратегиялык укуктук ченемдик актыларды иштеп чыгып, аларды кабыл алуу менен, мигранттардын жаңы коомго, адаптация процессинен тартып, маданий иерархия (маданияттардын жуурулушу) келгиндердин интеграцияланышын эффективдүү түрдө көзөмөл жүргүзүүлөрү тийиш. Бул бир эле мезгилде мигранттарды кабыл алган өлкөнүн бир топ көйгөйлөрдөн арылтат.

Ачык айтканда, миграция- бул маанилүү эл аралык тармак болуп, бул процесс бир эле мезгилде кабыл алган мамлекеттердеги, жумушчу күчүн жашартып, эч кандай каржысыз даяр жумушчуларды кабыл алып, каражат талап кылбай, даяр жумушчуларды кабыл алуу менен экономикалык секириктерге жетүү мүмкүнчүлүк алган мамлекеттер жок эмес. Ал эми өз мезгилинде мигранттарды жөнөткөн мамлекеттер болсо, мигранттардын эсебинен каражаттарды таап, алар өз мекенине кайтып келгенде, жогорку квалификациялуу жумушчуларды кабыл алышып, социалдык-экономикалык жактан тез өнүгүүнү камсыз кылышат.

**Адабияттар:**


1. Коллиер П. Исход: как миграция изменяет наш мир. Пред. англ. Н.Эдельмана. - Москва Из-во. Гайдара, 2017. 25-б.
2. Рыбаковский Л.Л. Миграция населения (вопросы теории) монография. - Москва, ИСПИ РАН 2003. - 26-б.
3. Куклина И.Н. Международный диалог по проблемам миграции: тенденции и переспективы. М., 2009. - 72-б.